DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Атышов К., Коч Х., Түлеев Т.К.*

## РЕГИОНДУН ЭКСПОРТТУК ПОТЕНЦИАЛЫН КЕҢЕЙТҮҮНҮН БАШКЫ БАГЫТТАРЫ

*Атышов К., Коч Х., Тулеев Т.К.*

## ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ РАСШИРЕНИЯ ЭКСПОРТНОГО ПОТЕНЦИАЛА РЕГИОНА

*K. Atyshov, Kh. Koch, T. Tuleev*

## THE MAIN DIRECTIONS FOR EXPANDING THE EXPORT POTENTIAL OF THE REGION

*УДК: 339.5*

*Бул макалада авторлор экономиканын тармактарын өнүктүрүүдө экспорттун маанилүү ролун белгилешкен. Андан ары республиканын экспорттук потенциалын өнүктүрүүнүн негизги багыты комплекстүү диверсификациялык стратегияны иштеп чыгуу болууга тийиш, ал экспорттун структурасында кайра иштетүүнүн жогорку даражасы бар продукциянын үлүшүн көбөйтүүгө, анын жогорку технологиялык түрлөрүн өндүрүү жана инновацияларды стимулдаштыруу. Республиканын экономикасын диверсификациялоо стратегиясын иштеп чыгуу технологиялык жактан өнүккөн жана социалдык багыттагы өндүрүш комплексин өнүктүрүү перспективасы менен анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн максималдуу жогорулатуунун эң ылайыктуу жолдорун тандоону камтышы керек. Бул шарттарда экономикага диверсификация процесстерин киргизүүнүн максаттуу саясатын жүргүзүүнүн негизги инструменти болуп кеңири масштабдуу өнүгүү перспективалары менен заманбап реалдуулукка ыңгайлаштырылган сапаттык инновациялык жана башкаруучу механизмдер болуп саналаары белгиленген. Ошол эле учурда мындай механизмдердин иштешинин максаттуу багыты ички дүң продукциянын системалуу өсүшү жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү болушу керек, бул өлкөнүн ресурстук потенциалын натыйжалуу пайдалануу аркылуу жетишилет.*

***Негизги сөздөр:*** *экспорттук потенциал, аймак, натыйжалуулук, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, диверсификация, кластер, рынок, комплекс.*

*В данной работе авторами отмечена важная роль экспорта в развитии секторов экономики. Далее отмечено, чтр основным направлением развития экспортного потенциала республики должна стать разработка комплексной стратегии диверсификации, которая должна быть направлена на повышение в структуре экспорта доли продукции с высокой степенью переработки, производства ее высокотехнологичных видов и стимуляцию инновационной деятельности. Разработка стратегии диверсификации экономики республики должна предполагать выбор наиболее приемлемых путей максимально возможного повышения его конкурентоспособности с перспективой разработки технологично-усовершенствованного и социально-ориентированного производственного комплекса. Отмечено что основным инструментом проведения целенаправленной политики внедрения процессов диверсификации в экономику в этих условиях становятся качественно инновационно-управленческие механизмы, адаптированные к современным реалиям с масштабными перспективами в развитии. При этом целевая направленность функционирования подобных механизмов должна заключаться в создании условий для систематического роста ВВП и повышения уровня жизни населения, что достигнется через эффективное использование ресурсного потенциала республики.*

***Ключевые слова:*** *экспортный потенциал, регион, эффективность, конкурентоспособность, диверсификация, кластер, рынок, комплекс.*

*In this paper, the authors noted the important role of exports in the development of sectors of the economy. Further, it was noted that the main direction in the development of the export potential of the republic should be the development of a comprehensive diversification strategy, which should be aimed at increasing the share of products with a high degree of processing in the structure of exports, the production of its high-tech types and stimulating innovation. The development of a strategy for diversifying the republic's economy should involve choosing the most appropriate ways to maximize its competitiveness with the prospect of developing a technologically advanced and socially oriented production complex. It is noted that the main instrument for conducting a targeted policy of introducing diversification processes into the economy under these conditions is qualitatively innovative and managerial mechanisms adapted to modern realities with large-scale development prospects. At the same time, the target orientation of the functioning of such mechanisms should be to create conditions for the systematic growth of gross domestic product and improve the living standards of the population, which will be achieved through the effective use of the resource potential of the republic.*

***Key words:*** *export potential, region, efficiency, competitiveness, diversification, cluster, market, complex.*

Өлкөнүн региондорунда эл аралык сооданын көлөмүн көбөйтүү, чыгарылуучу товарлардын, тейлөө көрсөтүүнүн түрлөрүн арбытуу жана жаңы базар алкагын өздөштүрүү биринчи кезекте өндүрүш технологиясын инновациялык негизде тынымсыз өркүндөтүүгө, заманбапка дал келгидей өндүрүштүк жана энергияны үнөмдөөчү жабдууларды ишке чегерүүгө, товарлардын өтүмдүүлүгүнө жараша улам жаңыртып туруууга тыгыз байланыштуу.

Кандай өлкө же анын региондору болобу экспорт негизинен төмөндөгүдөй жиктерге ажыратылат: товарларды, буюмдарды, чийки заттарды, техникалык каражаттарды ташып чыгаруу; чет элдик өнөккө көрсөтүлүүчү өндүрүштүк нуктагы тейлөөлөр; капитал экспорту – капиталды чет өлкөгө акча же товар түрүндө жайгаштыруу жана аны тейлөө (ошонун ичинде патент, лицензия, “ноу-хау” формасында) аркылуу туруктуу түрдө пайда алып туруу укугун камсыздайт. Мындан тышкары байкалбаган экспорт түшүнүгү дагы калыптанган. Бул негизинен товарларды жеткирип-тапшыруу наркын, банктык тейлөөлөрү, роялтини, камсыздандыруу кирешесин, рентаны, банктык пайыздады, дивиденддерди, туристтердин чыгым Ре-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гиондордун экспорттук потенциалынын түпкү тегин иликтөөдө эң алды менен бир катар багыттарын эске алуу зарыл. Мунун негизин төмөнкүлөр камтыйт: тигил же бул региондун экономикалык түзүмүн тиешелүү өлчөмдө натыйжалуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу жана региондук комплекстүү өнүктүрүүнү ыкчамдатуу үчүн ал аймактын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн баалоону ишке ашыруу; экспорттук өндүрүштүн мүмкүнчүлүктөрү менен региондордун ортосундагы экспорттук өндүрүштүн мүмкүнчүлүктөрү жеткиликтүү эсепке алуунуун негизинде тышкы экономикалык байланыштарды иликтөө жүргүзүү; экономикалык секторлордун экспорттук потенциалды кеңейтүүгө адистештирилген өндүрүштүк комплекстердин калыптанышынын макроэкономикалык деңгээлдеги натыйжалуулугун ар тарптуу талдоодон өткөрүү жана аларды жакшыртуунун артыкчылыктуу инновациялык багыттарын караштыруу; тиешелүү региондун тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүнүн жүрүшүндө экономикалык коопсуздугун толук камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн комплекстүү баалоо жүргүзүү дарын камтыйт.

Региондордун экспорттук потенциалынын түпкү тегин иликтөөдө эң алды менен бир катар багыттарын эске алуу зарыл. Мунун негизин төмөнкүлөр камтыйт: тигил же бул региондун экономикалык түзүмүн тиешелүү өлчөмдө натыйжалуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу жана региондук комплекстүү өнүктүрүүнү ыкчамдатуу үчүн ал аймактын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн баалоону ишке ашыруу; экспорттук өндүрүштүн мүмкүнчүлүктөрү менен региондордун ортосундагы экспорттук өндүрүштүн мүмкүнчүлүктөрү жеткиликтүү эсепке алуунуун негизинде тышкы экономикалык байланыштарды иликтөө жүргүзүү; экономикалык секторлордун экспорттук потенциалды кеңейтүүгө адистештирилген өндүрүштүк комплекстердин калыптанышынын макроэкономикалык деңгээлдеги натыйжалуулугун ар тарптуу талдоодон өткөрүү жана аларды жакшыртуунун артыкчылыктуу инновациялык багыттарын караштыруу; тиешелүү региондун тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүнүн жүрүшүндө экономикалык коопсуздугун толук камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн комплекстүү баалоо жүргүзүү.

Эң башкысы экспорт базар мамилелери өнүккөн шарттарда эл аралык экономикалык кызматташтыктын жана эмгекти бөлүштүрүүнүн негизги формасы болуп саналат да, импорттун материалдык зарыл шарты катары эсептелет. Экспорттук жана импорттук карым-катнаштар (катыштар) өз ара тыгыз байланыштуу, ушундан улам мындай жагдай тышкы сооданын жыйынтыгын так баалоого жана экспорттук саясатты жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Товарларды чет өлкөгө чыгаруу жана тейлөө кызматын көрсөтүү экспорттук процесстин негизин камтыйт. Бул бир өлкөдөн экинчисине товарлардын ар кыл түрлөрүн чыгаруу ишин башынан аягына чейин камтуучу кайталанып турууучу процесс болуп саналат. Товарларды тышка чыгаруу дүйнөлүк сооданын жалпы эле экономика секторлорунун өнүгүшүнө олуттуу салымын кошот.

Эл аралык деңгээлдеги тажрыйба көрсөткөндөй канчалык экономикасы мыкты өнүксө, ошончолук сапаттуу товарларды сыртка көбүрөөк чыгарып акча каражатын арбын табууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бирок, экспортко чыгарылуучу товардын жана тейлөө ишинин түпкү өзөгү ошол өлкөнүн жаратылыш ресурстарына, аны пайдалануу деңгээлине, экономика секторлорунун өнүгүү өзгөчөлүгүнө, инновациялык технологияны колдонуу деңгээлине келечектүү багытына тыгыз байланыштуу келет. Алсак, Европанын, Азиянын өнүккөн айрым өлкөлөрү чыгарган товарларынын кээ бир түрлөрүнүн 85-90% чейинки үлүшүн экспортко жөнөтүп турат. Чыгарылган товарлардын сапаты ушундай талапка толук жооп берет.

Илим менен техниканын, инновациялык технологиянын өнүгүшүнө, калктын өсүшүнө байланыштуу экспорттолуучу товарлардын көлөмү, түрү улам барган сайын өзгөрүлүп жатат. Экспорт товарларына техникалык жабдуулар, даяр товарлар, чийки заттар, продуктулар, жартылай фабрикаттар, айтор, бардык товардын түрлөрү кирет. Алар чет өлкөлөргө кайра иштетүү, кураштыруу, оңдоо максатында, кийин улуттук экономика нугунда кайрадан өркүндөтүлгөн товар түрүндө андан ары пайдалануу үчүн алынып келинет. Башка өлкөлөргө өркүндөтүүгө жана оңдоого жөнөтүлгөн товарлар адатта чет мамлекеттин экономикасынын мүлкү болуп саналбайт да, ошол өлкөнүн жалпы импорт алкагын өркүндөтүү боюнча жумуштардын наркы гана кошулат. Ал эми аткарылган иштин наркы өлкөнүн-заказчынын экспорт үлүшүнө кошулуп кетет.

Өлкөнүн, анын региондорунун экономикасын өнүктүрүүдө экспорт сыяктуу эле импорттун олуттуу мааниси бар. Импорт (англ. import - тартып киргизүү, четтен келтирүү маанисин билгизет) бул өлкөнүн ички базарында сатуу (пайдалануу) үчүн товарларды, тейлөөлөрдөн, баалуу кагаздарды ж.б. материалдык баалуулуктарды чет өлкөлөрдөн ташып келүү түшүнүгүн чечмелейт дагы, ошол өлкөнүн товарларды жана тейлөөлөрдү алуу боюнча башка өлкөлөрдө жүргүзүлгөн жеке жана юридикалык жактардын чыгымдарын бышыктайт. Анын түзүмү ар кандай өлкөлөрдүн табигат шарттарынын өзгөчөлүктөрүнө экономикасынын өнүгүшү жана эмгектин эл аралык бөлүнүшүндөгү ролу менен аныкталат [1]. Соода-сатык бул товар түрлөрүн алмашууну ишке ашыруу, ошол эле учурда кадимки товарлар (ар кандай ресурстар, керектөө үчүн товарлар) менен өзгөчө товарлар - тейлөө көрсөтүүлөр менен сооданын ортосунда бир топ айырмачылык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



калыптанган. Тагыраак айтканда, тейлөө көрсөтүү бул адамдын же алардын топторунун тигил бул керектөөлөрүн канааттандырууга колдонулуучу наркын аныктай турган адамдын ишинин өзгөчө түрүнүн жыйынтыгы (көбүнчө жандуу эмгек - күнүмдүк жашоону, билим берүүнү, адамдардын же товарлардын кыймылын уюштуруу ж.б.). Тейлөө көрсөтүүнүн жигердүүлүгү адамдын ой жүгүртүүсүнө, көз карашынын өзгөрүшүнө жана жүрүм-турумуна, жасаган ишине олуттуу таасирин тийгизип, алардын жыйынтыгы анын өмүрү өткөнчө сакталып калышы ыктымал. Ушундан улам тейлөө көрсөтүү азырынча экономиканын үчүнчү (баштапкы жана андан кийинки агрардык жана өнөр жай секторлорунун айырмаланып) секторунунун катарында турат. Ошол эле учурда тейлөө түзүмүнүн региондук, мамлекеттик, дүйнөлүк мааниси кыйла ыкчам өсүп жатат. Алсак, экономика секторлору мыкты өнүккөн өлкөлөрдө тейлөө көрсөтүүлөрдүн ички дүң продукциядагы үлүшү 70-80%ка чейин жетет.

Калыптанган тажрыйбага ылайык тейлөө көрсөтүүнүн сапаттуулугу өндүрүш процессинде, базар алкагында жана социалдык чөйрөгө тиешелүү инфраструктура комплексинде орун алган. Учурда, тагырак айтканда 2020-2021-жылдары дүйнөлүк калыптанган экономика жаатында тейлөө көрсөтүүнүн 600дөн ашуун түрү колдонулуп жатат. Дүйнөлүк соода уюмунун даярдаган классификациясына ылайык тейлөө көрсөтүүлөр төмөнкүдөй түзүмдөрдү камтыйт: бизнестеги тейлөөлөр; курулуштагы тейлөөлөр; байланыштагы тейлөөлөр (маалымат: почта, курьер, телекоммуникация); бөлүштүрүүдөгү тейлөөлөр (сатуу агенттеринин кызматтары, маркетинг, франчайзинг, чекене жана дүң соода); транспорттук тейлөөлөр; финансылык тейлөөлөр; билим берүүдөгү телөөлөр; ден-соолуктук тейлөөлөр; туристтик тейлөөлөр; эс алуу жагынан тейлөөлөр; айлана-чөйрөнү коргоо боюнча тейлөөлөр ж.б. Мындай тейлөө түрлөрүн жыйынтыктап төмөнкүдөй үч топко ажыратып кароо туура: репродуктивдүү процесске байланышкан тейлөөлөр; адамды жана анын эмгегин өнүктүрүүгө байланышкан тейлөө көрсөтүүлөр; ааламдашуу алкагындагы тейлөөлөр [2].

Экономика секторлорун өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарындагы каралган экспорттук көрсөткүчтөрдү жүзөгө ашыруу үчүн чыгарылган товарлардын жана тейлөө көрсөтүүлөрдүн улам күч алып жаткан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну, илимий изилдөөлөрдү арбын керек кылуучу, экспортко багытталган жана импортту алмаштыруучу өндүрүш процесстеринин үлүшүн мүмкүн болушунча арбытууну, инновациялардык табылгаларды жана заманбап энергия үнөмдөөчү технологияларды кеңири колдонуунун жана өндүрүштү өнүктүрүүгө тиешелүү шарттарды калыптандырууга багытталган натыйжалуу иштердин жыйындысы талап кылынат.

Региондо сапаттуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү товарларды жана тейлөө көрсөтүүлөрдү калыптандыруунун жана андан ары карай кеңейтүүнүн башкы багыттарын негизинен төмөнкүлөр камтыйт:

- сапаттуулукту башкаруу жана товарды чыгаруунун экспорттук потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;
- өндүрүш процессининин түрдүү багыттарында ресурстарды инновациялык табылгаларды кеңири колдонуу менен ресурстарды, энергияны мүмкүн болушунча үнөмдөөгө жетишүү;
- экспортко чыгарууга адистештирилген товардын негизги түрлөрүнүн, анын ичинде экономиканын энергетика секторунун, агрардык секторунун жеңил тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын продукциясынын сапатын жана эл аралык базар алкагындагы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
- илимий-техникалык, технологиялык иштерге байланыштуу багыттарды жакшыртууну жөнгө салуу жана стандартташтырууга тиешелүү көйгөйлөрдү толук иштеп чыгуу;
- техникалык жөнгө салуу жана стандартташтыруу, шайкештикти баалоо жаатындагы эл аралык кызматташуу;
- башкаруу чөйрөсүндө сапаттуу, такшалган кадрларды даярдоо;
- сапаттуу товарларды чыгарган команиялардын, мыкты тейлеген фирмалардын тажрыйбасын үлгү катары кеңири жайылтуу.

Республиканын региондорунун экспорттук потенциалын өнүктүрүүнүн башкы багыты ресурстарды кайра иштетүүнүн, өндүрүштүн жана анын мыкты технологияларын жүзөгө ашыруунун жогорку баскычына татыктуу продукцияны экспортунун түзүмүн арбытууга багытталган, эң башкысы диверсификациялоого негизделген стратегиясы болууга тийиш. Учурдагы агрардык сектордун региондордун экономика түзүмүндөгү артыкчылыгын эске алуу менен келечекте биринчи кезекте айыл чарба продукцияларын кайрадан иштетүүгө толук шарт түзүү жана инновациялык технологиялардын эң мыкты үлгүлөрүн колонууга жетишүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй эң башкысы экспортту кеңейтүүнү ар тараптуу иликтөөнүн негизинде диверсификациялоо болуп саналат. Мындай ыкма өз кезегинде буга чейин калыптанган жетишкендиктерди сактап калууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок ошол эле учурда буга чейин чыгарылып жаткан товарлардын, материалдардын жана тейлөө көрсөтүүлөрдүн саналуу эле түрлөрүн экспортоого басым жасоодон арылуу өз кезегинде тышкы соода тармагында туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзөт. Ал эми муну мамлекеттик деңгээлден алып караганда , диверсификациялоо саясаты экономиканын дурус өнүгүп жаткан секторлоруна караганда анчалык ыкчам өнүгө элек тар-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мактарга иннвестиция каражаттарын салыштырмалуу арбын тартуу керектигин ырстабайт [3].

Анткени диверсификациялоону ишке ашыруунун түпкү максаты чыгарылуучу товарларды, тейлөө көрсөтүүлөрдү эл аралык базар алкагынын сапаттык талаптарына толук ылайыкташтыруу, даяр продукциянын керектелишин жана түпкү нускасын жакшыртуу, баштапкы ресурс түрлөрүн кайра иштетүүнүн сапаттык деңгээлин жогорулатуу, чакан жана орто фирмалардын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын региондорунун экспорттук потенциалын мүмкүн болушунча кеңейтүү зарылдыгы өз кезегинде экономика секторлорун интенсивдүү өнүктүрүү фактору катары өзгөчө маанилүүлүгү менен айырмаланат. Мамлекет товарларын, тейлөө көрсөтүүлөрүн экспорттой турган компанияларга ар тараптуу колдоо көрсөтүүгө муктаж жана милдеттүү, анткени бул жергиликтүү өндүрүштүн туруктуу өсүшүнө, бюджетке салыктык каражаттын түшүүсүн арбытууга, кошумча жумуш орундарын ачууга салымын кошот жана мамлекеттин тышкы карызын азайтууга тиешелүү салымын кошот.

Экономика секторлорун түзүмдүк негизин иликтөөнүн жана натыйжалуулугун арттыруунун учур талабына дал келетургандыгын толук эске алуу менен тышкы соода-экономикалык байланыштарды мамлекеттик деңгээлде кызыктыруунун экономикалык механизмин жакшыртуу жагын талдоо зарыл. Мындай түзотүү киргизилген механизм жалпы кабыл алынган инструменттердин жардамы менен өндүрүштүн айрым багыттарын жана ички базарды жагдайга карата колдоону ыкчамдата тургандай негизде түзүлүшү абзел. Мындай секторлорду колдоо жагын тиешелүү деңгээлге жеткирүүнүн жыйынтыгы өз кезегинде экспорттук өндүрүшкө адистештирилип жаткан потенциалдуу ишканалардын ишин илгерлетүүгө олтуттуу салымын кошмок.

Республиканын региондорундагы экспортко ыктаган товар өндүрүүчүлөрдүн эл аралык базар алкагына чыгуусуна ар тараптуу көмөк көрсөтүп, өндүрүш процесстерин кеңейтүүнү стимулдаштыруу боюнча иштиктүү финансылык, уюштуруучулук чараларды көрүү мамлекеттин тышкы экономикалык байланыштагы эң башкы алдыга койгон максаттарынын олуттуусу болуп саналат. Экспорттук продукцияны өндүрүүнү, тейлөө көрсөтүүнү уюштурууну кредиттөө жана мамлекеттик кепилдиктерди берүү, салык салууда, валюталык ресурстарды алууда ж.б. эң ыңгайлуу, талапка туура келгидей режимди калыптанышы региондордун тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болгондон берки отуз жылдын ичинде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн башкы багыттарынын олуттуусу катары илимий изилдөө жана инновацияны өнүктүрүү алкагы мамлекттин саясаттынын стратегиясынын өзөгү катары каралып келет. Андыктан азыркы базар мамлелерин шартында өлкөнүн региондорунун илимий-өндүрүштүк, иннвациялык чөйрөсүнүн алдында турган эң олуттуу социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жүрүшүндөгү милдеттердин бири экспортту кеңейтүүгө багытталган товарларды чыгаруунун жана тейлөө көрсөтүүлөрдүн базасында эл аралык базар алкагынын тиешелүү талаптарына, тагырак айтканда стандартка толук дал келгидей өндүрүш процесстерин түзүүнүн көлөмүн кеңейтүү үчүн биринчи кезекте илимий-инновациялык жактан иштелип чыккан табылгаларды кеңири пайдалануу жана алардын иш жүзүндөгү натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуу болуп саналат.

Экономика секторлорунун экспорттук көлөмүн кеңейтүүнү үч баскычта, тагыраак айтканда мамлекеттик, региондук деңгээлинде иликтөө изилдөө жүргүзүү методикалык жактан туура жыйынтык чыгарууга түрткү берет (1-сүрөт).

| Мамлекеттик деңгээл | Региондук деңгээл | Микродеңгээл |
|---|---|---|
| - эл аралык кызматташтык;<br>- экономикалык өсүш;<br>- экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;<br>- валюталык резервдерди толуктоо;<br>- инновациялык жана инвестициялык потенциалды өнүктүрүү;<br>- продукцияны экспорттоочу; ишканаларды мамлекеттик колдоо;<br>- иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуу;<br>- экспортко багытталган продукциянын стратегиясын иштеп чыгуу; | - региондун экспорттук потенциалын кеңейтүү;<br>- региондордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;<br>- аймактагы жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү;<br>- экспортту ишке ашыруу жана жергиликтүү бюджетти каражаттар менен толтуруу;<br>- инвестициялык каражаттарды тартуу жолу менен ишкердиктин ар кандай формаларын өркүндөтүү;<br>- илимий-техникалык прогрессти; инновациялык технологияны тездетүү; | - тышкы базар алкагында ишканалардын санын көбөйтүү;<br>- экспортко багытталган жогорку сапаттагы продукцияны өндүрүү;<br>- экспорттук продукцияны чет өлкөгө сатуудан валюталык каражаттардын түшүүсү;<br>- интенсивдүү өнүктүрүүнүн эсебинен жабдууларды жаңылоо;<br>- ишканаларды инновациялык жана инвестициялык колдоо көрсөтүү;<br>- чет элдик башкаруунун жаңы ыкмаларын киргизүү; |

**1-сүрөт.** Экспортко багытталган өндүрүштүн артыкчылыктуу багыттары [4]

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Улам барган сайын күч алып жаткан эл аралык интеграциянын шартында экономика секторлорун өнүктүрүү жана экспорттук потенциалды кыйла кеңейтүү илимий-техниканын, инновациялык технологиянын жетишкендиктерин илим менен өндүрүштү шайкештикте калыптандыруу аркылуу кана жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Учурда жана келечекте илимий-техникалык, инновациялык жетишкендиктерин колонууну экономикалык жактан баалоонун жыйынтыгы коммерциялык жактан алып караганда канчалык деңгээлде натыйжалуу экендиги жана базар алкагындагы ал товарлардын өтүмдүүлүгүн алдын ала аныктоо кыйла эмгекти дагы талап кылат. Ушундан улам илимий-техниканын, инновациялык табылгалардын жана билим берүү потенциалын өнүктүрүү экспорттук потенциалды кеңейтүүнүн стратегиялык багытынын өзөгү катары каралышы керек.

**Литература:**


1. Атышов К., Алиев Т., Суртаев Р. Экономиканын орсча-кыргызча түшндүрмө сөздүгү. Бишкек 2007. - 526 бет.
2. Мировые рынки услуг в 2020-2021 годах. https://center-yf.ru/data/economy/
3. Елькин И.В. Оценка и перспективы развития экономики региона с экспортной ориентацией. - Иркутск, 2010. - С.6.
4. Атышов К., Фронтбек кызы Ж., Халил Коч. / Журнал «АльПари», №4, 2013.
5. Дооранов А.П. Финансовая поддержка экспорта продукции Кыргызской Республики. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 65-69.
6. Аматов Б.М. Развитие экспортного потенциала сельского хозяйства Кыргызской Республики: планы и реалии. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 1. С. 136-138.
7. Нурматова А.А. Проблемы внешнеторговой деятельности и экспортного потенциала регионов Кыргызской Республики. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 108-111.